С.Сыдыгалиев атындагы толук эмес орто мектебинде

2022-2023- окуу жылында мектеп ичинде өткөрүлгөн

олимпиаданын жыйынтыгы.

Мектеп ичиндеги олимпиаданы өткөрүү үчүн ушул окуу жылынын 20-октябрында мектептин усулдук бирикмесинин отурумунда каралып,олимпиаданын жобосу менен олимпиаданын өтүлүү планы, графиги жана олимпиадага көзөмөл кылуучу уюштуруу комиссиясы түзүлдү. Алардын курамына көп жылдан берки иштеп келе жаткан тажрыйбалуу мугалимдер :Маселова Гүлнара Мурсабековна, Богачиева Бактыгүл Аянбековна, Байбосунова Мария Джодотбековна жана Сыргабаева Гүлнара Токтобековна,Омуркулова Күлбара жана Конокбаева Эльмира Ниязбековналар бар. Бул тажрыйбалуу мугалимдерден тышкары жаш мугалимдерден да комиссиянын курамына коштук анткени булар да улуу муундун өкүлдөрүнөн өздөрүнө тажрыйба алышсын деген максатта.Алар: Жолдошева Айгерим,Нурбек кызы Назгүл ж.б. Олимпиаданын тапшырмаларын предметтик мугалимдер жана орто звенонун усулдук бирикмесинин жетекчиси Маселова Гүлнара Мурсабековнанын жетекчилиги аркылуу түзүлүп,кол коюлуп,мектеп мүдүрү аркылуу мектеп мөөрү басылып бекитилди. Мектеп ичинде өтүлүүчү олимпиада 20.10.21-жылы №3 буйруктун негизинде олимпиаданын графиги,жол жоболору мектеп ичиндеги линейкада окуучуларга жарыяланып, окуу бөлүмүнүн башчысы Карагулова Э.Э. мектепке атайын стенд уюштуруп, залга илди. Графиктин негизинде биздин мектеп толук эмес орто мектеп болгондуктан,окуучулардын саны аз болгонго байланыштуу мектеп ичиндеги олимпиадага 1 окуучу 3-4 сабактан катышышты. Олимпиада учурунда окуучуларга олимпиада убагындагы шарттардын бардыгы түшүндүрүлдү. Мектеп ичинде өткөрүлүүчү олимпиаданы графиктин негизинде 21.11.22-жылы саат 13:30 дө кыргыз тили сабагынан Богачиева Бактыгүл Аянбековна жана жаш кыргыз тилчи Жолдошева Айгерим Бектеновна олимпиаданы ачып беришти.Олимпиада башталганга чейин предметтик мугалимдер тарабынан олимпиаданын иш пландары түзүлүп,окуу бөлүм башчысына предметтик мугалимдер кайсы класстан канча бала катышаары тууралуу жолдомо беришти.Мисалы кыргыз тили жана адабияты сабагынан 30 окуучу катышышты. Мектепте 2 тилчи болгондуктан 5-6-класстарга Жолдошева А сабак берегендиктен 13 окуучу алды.Ал эми 7-8-9-класстардын мугалими Богачиева Б болсо 3 класстан 17 окуучуну катыштырды.Олимпиадалык тапшырмалар тесттик вариантта болду жана сүйлөмдөрдү талдоо,тексти окуп түшүнгөнүн айтуу,ыр саптарын көркөм окуу ж.б.у.с тапшырмалар камтылды.Бул сабактын олимпиадасы 14:30 да аяктады.Олимпиада аяктаары менен предметтик мугалимдер окуучулардын олимпиадалык тапшырмаларын текшерип жыйынтыгын чыгарып,пртоколдор жана анализдер жазылып окуу бөлүм башчысына тапшырылып жыйынтыктар залга илинди.Олимпиада 21.11.22 нан 24.11.22 на чейин 5-9-класстардын катышуусу менен кыргыз тили, орус тили, математика, тарых, география, биология, химия, физика жана информатика жана чет тили сабактарынан олимпиада өткөрүлдү. Олимпиаданын тапшырмалары атайын зээндүү окуучуларга окуу програмаларынан жана кошумча материалдарды камтуу менен түзүлгөн.Анда логикалык суроолор,тесттер,география сабагынан атайын контур карта менен иштөө, орус тили жана орус адабияты сабагынан пересказдар,чет тили сабагынан топиктерди окуп кайра айтып берүү ж.б. тапшырмалар камтылды.Аткарылган тапшырмаларды баллдык баалоо менен

баалашты.Тесттик тапшырмалардын жыйынтыгын комиссиянын мүчөлөрү текшерип чыгарышты.Олимпиадага 5-9- класстар биригип 37 окуучу катышты.
Бул сандын ичинде бирден ашык сабакка катышкан окуучулар да болду себеби балдардын санынын аздыгы.Олимпиаданын жыйынтыгы боюнча текшерүү комиссиясынын чечими менен төмөнкү окуучулар:Кыргыз тили жана адабияты сабагынан 9-класстан 1-орунга чыккан Ногойбаев Умар,Оттукбаева асема 2-орунга,Шамилова Индира 3-орунга,8-класстан 2-орунга Асылбекова Айтолкун,2-орунга Мусаев Бабурхан, 6-класстан 1-орунга Джумабекова Асема. Математика сабагынан 7-класстан 1-орунга Анарбекова Рахат, 2-орунга Джумабекова Асема, 1- орунга 5-класстан Джумабекова Айзана жана Усенова Айназик,2-орунга Ильясова Айым,8-класстан 2-орунга Самыйбеков Улукман, 3-орунга Мусаев Б менен Асылбекова А ээ болушту. Чет тили сабагынан 7-класстан Анарбекова Рахат 2-орун, 6-класстан Аныварбекова С 2-орунга ээ болушту.Орус тилинен 8-класс Асылбекова А 1-орун, 5-класстан Маратов Ы 1-орун,Акылбеков Р 2-орунду ээлешти.География сабагынан 7-класстан Съездбеков Д 3-орун,6-класстан Аныварбекова С 3-орун, 9-класстан Оттукбаева Асема 3-орунга ээ болушту.Биология сабагынан 9-класстан Бейшенов А 1-орун, Оттукбаева А 2-орун,8-класстан Данилова Ф 2-орунга,Кашкаева Г 3-орунга ээ болушту.Тарых сабагынан 9-класстан Оттукбаева А 1-орун, Бейшенов А 2-орун.8-класстын окуучусу Самыйбеков У 2-орунга,7-класстан Токтобеков Т 1-орун,Джумабекова А 3-орун,5-класстан Ильясова А 1-орунга ээ болушту.Олимпиаданын жыйынтыгы канаатандыраарлык деп бааланып 1-орунга чыккан окуучулар райондук олимпиадага жолдомо алышты. Олимпиаданын жетишкендиктери жана кемчиликтери боюнча усулдук бирикменин отурумунда каралып зээндүү окуучулар менен мындан ары да иш чаралар жүргүзүүлөрүн предметтик мугалимдерге эскертилди.

Мектеп мүдүрү: Конокбаева Э.Н.

Мектептин окуу бөлүм башчысы: Карагулова Э.Э.